Кыргыз республикасынын аймагында айдалган жер-жемиш культурасынын арасында бадыраң адам баласынын жашоосунда алдынкы орунду ээлейт. Бадыраң көп өлчөмдөгү витаминдерди, органикалык кислоталарын жана башка заттарды кармайт, тамак сиңирүүнү нормалдаштыруучу, организимге кирген башка белок жана минералдык заттарды сиңирүүгө жардам берет. Бадыраң тамак жактан гана эмес, медицинада да баалуу. Бадыраңдын клеткаларын түзүүчү зат организимден холестириндин бөлүнүшүнө жардам берет.Ошондой эле учурда бадыраң көп өлчөмдөгү минералдык шелочторду кармашы, анын организимге кире турган эт, жумуртка, камыр тамактарды бат сиңирүү өзгөчөлүгү да медицинада каралган. Бадыраңдын көп пайызы кулинарияда да колдонулат. Жабык грунтта жетиштирүү дыйкандар үчүн абдан маанилүү. Себеби, бадыраңдан жакшы түшүм алууда жарым жылдык жашылча продуктасын кыска бир убакытта алууга шарт түзүлөт.

### 1.3. Морфологиясы жана биологиясы

Бадыраң (***Cucumis sativus*** L.) ашкабак (***Cucubritaceae*** L.) тукумундагы бир жылдык өсүмдүк. Жалбырактарынын жайгашуусу катарлаш. Жалбырак пластинкасы бүтүн, беш бурчтуу, жазы жалбырактуу гүл сабынын орду уюлган. Жалбырак учтары тиштүү. Жалбырактын эки капталында сабактыкына окшош түктөрү бар. Өсүмдүк жайылган формага ээ. Сабак мурутчалары менен айланасындагы нерсеге жабышып, буралып алат жана жер бетинен өйдө карай өсөт. Негизги сабак узундугу 150-200см ге жетет. Негизги сабактан 2-6 каптал өркүндөрү өсүп чыгат, алардын узундугу негизги сабакка барабар. Биринчи иреттеги бутактардын экинчи иреттеги кыска бутактары өсүп чыгат. Кээде үчүнчү катардагы талчалар да пайда болот. Мындай белгилер сабактын узундугу 5мм ге

чейин жетет. Эгерде мөмөсүн урук алганга чейин жыйнап албасак, анда вегатативдик өсүү бөлүгү токтойт же такыр эле өсүүсүн токтотот: экинчи катарда аз эле сабактар болот жана үчүнчү катарда такыр эле болбой калуу ыктымалдуулугу жогору болот. Эгерде мөмөсүн бышканда эле жыйнап алсак, анда өсүмдүктүн  вегетативдик өсүү бөлүгү өсүүсүн улантат жана күзгү суук киргенге чейин нормалдуу шартта өсүп, мөмөсүн бере берет. Өзгөчө бадалдык жана детерминанттык формалары бөлүнгөн. Бадал формалары 10-12 түйүн пайда кылгандан кийин, сабактардын өсүүсүнүн токтошу менен мүнөздөлөт. Мындай формаларды ачык грунттарда өстүрүү түшүмдү жыйнап алууну жеңилдетет [28].

Бадыраңдын узундугу жана тамыр системасынын жогорку даражада өөрчүүсү климаттан жана топурак шартынан көз каранды. Түндүк жана борбордук райондордо тамырлары топуракта 30см терндикте жайгашат. Тамырдын тереңдикке кирүүсүнүн максималдык узундугу 80см. Өсүмдүктүн вегатативдик өсүүсү күчөгөн мезгилде топурак нымдуулугу жакшы болсо, анда үрөндө көп сандагы тамырчалар пайда болот. Кургакчыл болсо, анда тарырлар өлөт. Бир эле өсүмдүктө бирок, ар башка түйүндөрүндө энелик да, аталык да мүчөлөрү жайгашкан. Энелик органдары жалбырак колтугунда жалгыздан же экиден жайгашкан. Аталыгы 5-7 же андан көп топ гүлдөрдөн түзүлгөн. Өсүмдүктүн белгилүү түйүлдүк сортторунун аталыктары энелигине караганда көп санда болот. Бадыраң өсүмдүгүнүн мүнөзүнө байланыштуу ар бир катарда аталык-энелик гүлдөрү, жалбырагы жана каптал мурутчалары болот. Негизинен 3-5 катардагы мурутчаларын ажыратуу керек. Селекционерлер өсүмдүктүн эки бөлүктөн турган сортун жана гибридин аныктаган. Эки бөлүктүү өсүмдүк сорттору үч типтен турат. Өсүмдүктүн "Энелик тиби" мында бир гана энелик гүлдөрдөн турат. Өсүмдүктүн "Аталык тиби" мында көбүнчө аталык гүлдөрдөн турат; өсүмдүктүн " Ортолук тиби" мында жарымы аталык гүлдөрдөн, жарымы энелик гүлдөрдөн турат. Жабык грунтта көбүнчө эле өсүмдүктүн энелик тиби турат. Бадыраң гүлүнүн чаңдашуусу бир гана чаңдаткыч курт - кумурскалардын катышуусунда болот. Бадыраң өзүн өзү чаңдатпагандыктан, чаңчаны көбүнчө аарылар ташыйт. Өсүмдүктө жөнөкөй, айрым жыныстуу сортторунда кээде эки урук мүчөлүү гүлдөр пайда болот. Урук жа түшүм жыйноодо чаңдатуунун жетишсиздиги терс таасирин көрсөтөт. Жабык грунттагы сорттор үчүн качан

мөмө таптакыр чаңдашууга муктаж болбой калат, уруксуздуктун өзүнө гана касиеттери болгон учурда.

Жемиштин улуулугун сорттордун майда мөмөсү менен айырмаланат- нормалдуу - 8см чейин, орточо – 8 -11см чейин, чоң жемиш - 12-18см жана абдан чоңдору 18см жогору болот.

Сортко жана шартка байланыштуу бадыраң мөмөсүнүн нормалдуу өсүүсүдө 100-400 чейин урук кармайт. 1000 даана уруктун массасы 25- 35 гр. түзөт. Мөмөдөгү уруктун толук жетилүүсү гүлдөөдөн кийин 30-35 күндөн кийин жүрөт.

### 1.4.Теплицадагы бадыраң культурасына керектүү микроклиматты түзүү

*Жарык режими:* Бадыраң – башка жемиш культураларына караганда жарыкты көп талап кылган өсүмдүктөрдүн бири. Ошондой эле эң негизгиси жарык гана эмес, бадыраң өсүмдүгү үчүн күндүн узактыгы да абдан маанилүү. Бадыраң кыска күндүк өсүмдүктөргө салыштырмалуу жарыкты сүйүүчү культура болуп саналат. Кыска күндүк өсүмдүктөрдү өстүрүүдө, өсүүсү ылдамдайт, көбүнчө традициаллык сорттордун түшүмдүүлүгү көбөйөт. Күндүн жарыктыгын 16 саатка узартканда, мөмө берүүсү жана түшүм азаят. Эң негизгиси эгиндин чыгышындагы алгачкы 20-25 сутка арасы күндун кыска болгону манилүү. Күндүн узактыгынан чоң вегетативдүү масса пайда болот жана мөмө азаят. Бадыраң өсүмдүгүнүн ылдам өсүүсүнө маанилүү факторлордун бири, интенсивдүү жарык. Бадыраң үчүн интенсивдүү эң минималдуу жарык 200 люкс. Жарыктын жетишсиздиги ассимиляцияны басаңдатат жана гүлдөөсүн 1-2 жумага кечиктирет. Жарык жетишсиздигинен мөмөдө канттын топтолушу жана башка азык заттар азаят [29].

Мөмө берүү убагында минималдуу жарык 8000 люкс болушу керек жана отургузууда ФАРдын орточо суммасы 15-18, түшүм берүү башталганда 30-32 кал.см 2. Ошондуктан бадыраң белгилүү бир чекке чейин-15 миң.люкс жаыктын көбөйүшүнө оң таасир көрсөтөт. Жарыктын жогорку интенсивдүүлүгү гүлдөөнү тездетет; продукциянын сапатын жогорулатат жана түшүмдүүлүктү көбөйтөт.

Жарыктын сапаттуулугу да чоң маани берет. Кыска күндүк өсүмдүктү жарык кыска толкундуу сыя-көк нурлары тездетет, жогорку түшүмдүүлүктү эртелетет жана энелик гүлдөрүнү көп өлчөмдө гүлдөшүн негиздейт. Бадыраң негизи ачык жана жакшы жарык тийген жерлерде жакшы түшүм берет. Жабык грунтта жарык режимин жакшыртуу үчүн көбүнчө теплицаларга жарык энергиясын колдонушат. Чоңоюп калган бадыраң өсүмдүктөрү үчүн жарык энергиячын колдонуу анча пайдалуу эмес. Анткени, электроэнергияга кеткен чыгым акталбайт жана продукциянын өздүк баасы көтөрүлөт. Негизи жасалма жарык бадыраң көчөттөрүн өстүрүүдө колдонулат.

*Жылуулук режими:* Жогоруда айтып кеткендей бадыраң өсүмдүгүнүн мекени Индия мамлекети болгондуктан, анын биологиялык өзгөчөлүгү Индиянын тропикалык райондоруна ыңгайланышып өскөн. Ошондуктан бул өсүмдүк өзүнүн жогорку жылуулукка жана нымдуулукка талабы күчтүү бойдон калган. Бадыраң үрөөнүнүн жакшы өсүүсү үчүн оптималдуу температура +15- 18°С болушу керек. Ал эми бадыраңдын жакшы өсүүсү үчүн оптималдуу температура +20-25°С. +25°С температурага чейин үрөндүн өсүүсү тездейт жана эгилгенден кийин 5-6 суткада эгиндин чыгышы байкалат. Ал эми +15-20°С температурада 10 күндүн аралыгында эгин чыгат. Эгин чыккандан кийин өсүүсүн созуу үчүн температураны +16-17°С чейин түшүрүү керек. Температуранын +10°С чейин түшүшү эгиндин өсүүсүн токтотот жана өсүмдүк саргайып, чирип баштайт. Аба температурасы +3+4°С түшүп кеткенде 3-4 сутканын ичинде өсүмдүктү өлүмгө алып келет. Бадыраңдын репрадуктивдүү органдары түзүлүү мезгилинде температура режимине сезгич келет. +16°С төмөн жана +25°С жогорку температурада, гүлдөө мезгилинде чаңча трубаларында өсүүчү чаңчалар тазаланат.

### 1.5. Теплицадагы бадыраңдын козу карындык илдеттери

Бадыран теплицада жана аччык груннта козу карындык, бактериялык жана вирустук илдеттерге чалдыгат жана зыянкечтер залакат келтирет. Түшүмдүн түшүмдүүлүгүн азайып кетишин каалабасак анда, илдеттин симптомдорун билүүбүз зарыл жана алар менен күрөшүү чараларын билүүбүз зарыл.

**1.5.1. Бадыраңдын козу карындык илдеттери: Аскохитоз (*Ascochyta cucumis*** Fautrey et Roum) жыныс стадиясы - *Mycosphaerelia meionis*. Жабык грунтта аскохитоз жайылуусу боюнча жана зыян келтирүүсү боюнча алдыңкы оруну ээлейт. Аскохитоз менен теплицадагы бадыраңдын бүт жер үстүндөгү бөлүктөрү жабыркайт. Алгач сабактын түйүнү- өркүнү, жалбырак сап же өркүн жабыркайт. Жалбырактарда чоң, алгач саргыч андан кийин жалтылдаган кара чекиттүү пикнидалуу тактар пайда болот. Тактар биригип, жалбырак пластинкасынын жарымын ээлейт. Ооруган тканда күрөң түстөгү эксудат бөлүнүп чыгат. Жабыркаган жалбырактар куурашат. Ооруу массалык тукумдоонун алдында, аба температурасы 16-18˚С төмөндөп кеткен кезде. Андан сырткары азык заттын жетиштүү болбогону. Өзгөчө мөмө байлаган кезде температуранын кескин термелиш себептери болуп саналат.



*Сүрөт 1.5.1.* Бадырандын *Ascochyta cucumis* Fautrey et Roum илдети менен жабыркоосу

**1.5.2.Тамыр чириги (*Fusarium oxysporum*** Schlecht). Теплицада кенен жайылган илдеттердин бири болуп саналат. Өсүмдүк өсүүсүндө баардак фазасында жүрөт.Мында өсүсдүктүн жаңы чыккан өнүмдөрү жана чоң өсүмдүктөр бул илдет менен жабыркашат. Топурактан өсүмдүккө гриб анын тамыр чачтары же кичине өсүмдүктөрү аркылуу кирип кетет. Грип түтүкчөлөрдө өөрчүп, аларды бүтөп калат да, интоксикацияга (ууланууга) алып келет.натыйжада уруктун үлүштөрү соолуп, сабактын төмөнкү бөлүгү жана тамырлары чирип кетет. Ооруган өсүмдүтүн жалбырагы төмөн жагынан баштап саргайат. Сабактын негизи чирип жана тамыры карарып майдаланат. Өсүмдүтүн баардык жеринде ачык күрөң түстөгү тактар каптай баштайт. Натыйжада өсүмдүк соолуйт. Илдеттин өөрчүшүн үрөндү муздак, өтө нымдуу топуракка сепкенде күчөйт. Патоген өсүмдүктүн калдыктарынды сакталып калат [30].



*Сүрөт 1.5.2* Тамыр чирик илдетинин белгилери

**1.5.3. Ак кебер** (*Oidium erysiphoides* Fr.-сумкалык стадия-*Erysiphe cichoracearum*) бадырандын дагын бир коркунучтуу илдеттеринин бири. Бул сугаттын жетишсиздигинен өтө байкалат. Адегенде жалбырактарда ундай, боз-ак мом менен капталган сыяктуу темгилдер пайда болот. Илдет ак keберди пайда кылат. Алга ун сымал кебер пайда болот, чоңоюп бири бирине кошулуп бүт жалбырак пластинкасын ээлеп алат. Жабыркаган жалбырактын функциясы начарлап, убагынан эрте түшүп баштайт. Кебер жалбырактан сырткары сабакты, жемишини жабыркатат. Жабыркаган сабактар хлоротикалык болуп толугу менен куурап калат. Түшүмдөрдү кеч байлайт, жакшы өнбөйт жана формасы бузулат. Козу карындын өрчүшү үчүн жогорку нымдуулуктун таасири чоң. Инкубациялык мезгил 4 күн б.а аябай кыска. Муздак суу менен сугаруу ак keберди кабыл алуусун күчөтөт. Отоо чөптөр аркылуу да жугары далилденген [31].



*Сүрөт 1.5.3.* Бадыран жалбырагында ак кебер илдетинин көрүнүшү

**1.5.4. Боз чирүү (*Botrytis cinerea* Pers.)** бул илдет жабык крунтта аябай кеңири тараган. Негизинен бул мөмөнүн жабыркашы менен башталат. Нымдуу аба ырайында боз тактар пайда болот. Боз чирик илдет козгогучу өсүмдүк калдыктарында склероций түрүндө кыштайт.



*Сүрөт 1.5.4* Боз чирүү илдети менен жабыркаган мөмө

**1.5.5. Ак чирүү (*Sclerotinia sclerotium*).** Илдет өсүмдүктүн баардык бөлүгүндө тамырында, жалбырагында, сабагында, мөмөсүндө кездешет, өзгөчө сабактын тамырга жакыныраак жерин жабыркатат. Жабыркаган жерлери абдан жумшак, жылмышма болуп, ак жыш грибница менен капталат. Тамыр түймөктүн жабыркаган тканы жумшарып, сууланып, заттар бузулуп ак кебез сымал мицелий менен капталат. Жабыркаган сабак тканыны жумшарат, үстүрттөн нымдашат. Инфекция топуракта жана өсүмдүктөрдүн калдыктарында сакталат. Илдет бадыраңды сугаргандан кийин өтө өөрчүйт, алгач кичинекей темгил пайда болуп, андан кийин жашылча жумшарып, бат эле чирип калат. Акырындап мицелий карарат, ал козу карындын склероций стадиясын көрсөтөт. Бул инфекциянын сакталышын шарттайт. Илдеттин өөрчүшүн 14-16°C температуранын төмөн түшүп кетиши жана аба нымдуулугунун жогоруланынан көз каранды. Кыштоосу өсүмдүктөрдүн калдыктарында мицелий түрүндө сакталат [31].



*Сүрөт 1.5.5.* Бадырандын ак чирүү илдети

**1.5.6. Кладоспориоз же бадырандын кара жашыл тактуулугу** (***Cladosporium cucmerinum*** **Ellis et Arthur**). Илдет ачык да жабык да г рунтта таралган. Теплицада температура өзгөргөндө кездешет. Илдет негизинен мөмөсүн жабыркатат, кээде жалбыракта жана сабакта да кездешет. Сууланган майда тактар пайда болот, ал тактар тез эле 4-5 мм ге чейин чоңоюп, тереңдейт жана жара сымал болуп калат. Сууланган былжыр тез эле каттууланат. Нымдуу аба ырайы каттуу тактардын үстүндө оливковый бархаттай кебер пайда болот. Илдеттин өнүгүшүнө жогорку температура, инкубатциялык мезгили 6-7 күн болот. Инфекция үрөн менен берилет. Козу карын конидия түрүндө сакталат [32].



*Сүрөт 1.5.6.* Кладоспориоз же бадырандын кара жашыл тактуулугу

**1.5.7 Бадырандын альтернариозу -. *Alternaria concatenata.*** Биринчилерден болуп күнөскананын эшигине жакын жайгашкан өсүмдүктөртөр бул илдет менен

жабыркайт. Алгач жалбыракта абдан кичинекей бираз көөп турган, кургак, ачык-күрөн түстөгү, 0,15 тен 2см өлчөмдөгү так байкалат. Бүтүндөй жалбырак пластинкасы жабыркатат. Кээ бир учурда тактарда зоналуулук байкалып, бара-бара кочкул-күрөн түстөгү козу карындын кондияларынын колониясы көрүнөт. Альтернариоз илдети менен күчтүү жабыркаганда жалбырак пластинкасынын баарын каптап, кээ бир тактар биригип калат. Бадырандын альтернариозу жалбырактын четиненда башталышы мүмкүн. Мындай учурда күрөн түстөгү тактар пайда болот. Жалбырак пластинкасын тез эле өлүмгө учуратат. Мөмөсүн жана сабагын жабыркатпайт.



*Сүрөт 1.5.7* Бадырандын жалбырагынын альтернариозу

## 1.6. Жабык грунттагы бадыраңдын бактериалдык илдети

**1.6.1. Бадыраңдын бактериалык чириги** (***Erwinia tracheiphiia*** Smith). Бул коондо, дарбызда жана ашкабакта да байкалат. Илдеттин белгилери жалбырактын астыңкы бетинде майда ачык-жашыл түстөгү тактар пайда болот. Бактерия жалбырактын майда тамырчаларында жайылып, жалбырак бат эле чирийт. Жалбырактар карарып куурай баштайт, ал эми сабактын ички тамырларын бактерия каптап калат, бирок жашыл түсүн жоготпойт. Мөмөсү чүрүшүп калат, тамыр зыян көрбөйт. Сабагын же жалбырак сабын кескенде сүттөй ак бактериялардын массасы бөлүнүп чыгат. Ал ичке былжыр келген жөргөмүштүн уюугна окшогон жиптерден турат. Бул белги жыныстык диагностикалык ооруудa колдонулат. Бактерияны жалбырак жегич жана соруучу зыянкечтери жайылтат. Ошондой эле жугуусу механикалык жол менен кесип алганда жана туура эмес кыйыштырганда жүрөт.



*Сүрөт 1.6.1.* Бадырандын бактериялык чириги

**1.6.2. Бадыраңдын бурчтуу тактуулугу (*Pseudomonas syringae pv lachrymans* Voung et a).** Илдет козгогуч бадыранды жана коонду жабыркатат. Илдет ачык да, жабык да грунтта кенири таралган. Бактериоз нымдуулук жогору болгон жылы, жабык грунтта өстүрүлгөн бадыран үчүн абдан коoптуу. Зыяндуулугу өсүмдүктүн жабыркаган органына жана жабыркоо мезгилине жараша ар түрдүү. Көчөт мезгилинде жабыркаса өлүмгө учуроосу толук мүмкүн, ал эми гүлдөө фазасында жалбырактарда тактар пайда болуп натыйжасында жалбыракта ассимиляция начарлап, мөмө байлоосу азаят. Түшүмдүүлүктү 50% пайызга чейин азайтат. Бадырандын бурчтуу тактуулук илдети бадырандын абдан коркунучтуу илдеттеринин бири.



*Сүрөт 1.6.2.* Бадырандын бурчтуу тактуулугу

## 1.7. Бадырандын жугуштуу эмес илдеттери

**Азоттун жетишсиздиги**. Азоттун жетишсиздигинин белгилери бадыраңдын өсүүсүнүн бардык этаптарында байкасак болот. Азоттун жетишсиздиги төмөнкү жалбырактарда байкалып баштайт. Жалбырак пластинкасынын тамырчаларынын ортосунда сары такчалар пайда болот. Бул жалбырактар хлоротикалык түскө айланып баштайт. Сабактар булалуу болуп калат, каттуу жана ичкерип баштайт. Майда жашылча чөптөр ачык жашыл же сары түстө болуп калат. Түйүн каттуу куурап төгүлөт. Гулдөрдөрүнүн белгилүү бөлүгү өлүп баштайт. Бирок азоттун көптүгү да зыяндуу, анткени жашылчанын бышып жетилүүсүн кечиктирет, өсүмдүтүн илдеттерге жана төмөн температурага туруштук берүүсүн азайтат да, жашылчадагы кургак заттын жана канттын өлчөмүн төмөндөтөт.

**Фосфордун жетишсиздиги**. Фосфордун жетишсизигинде сабактар ичкерип баштайт. Жалбырак саптардын аралыгы кыскарат. Анын натыйжасында өсүмдүк карлик түрүндө, б.а. кичинекей болуп калат. Жалбырактар майда жана көгүш - жашыл түскө айланат. Ылдый тарабындагы тамырчалар болсо, кызыл түскө айланат. Жалбырактары бырышып, кырлары жогору карай буралып калат. Бадыраңдын тамыр системасы фосфорду жакшы сиңире албастыгы менен айырмаланат. Ошондуктан фосфорду нормасынан аз да, ашык да бербешибиз керек экен жана ал азот жер семирткичтерине караганда, фосфорду көп кабыл албайт.

**Калийдин жетишсиздиги**. Жалбырактын кырлары эң биринчи эле ачык түскө айланат. Кийинчерээк бул жалбырактын ортосуна негизги тамырчалардын ортосу аркылуу жайылып баштайт. Жалбырак пластинкасынын кырлары төмөн карай буралат. Калийдин жетишсиздинде өсүмдүктүн түшүмдүүлүгү азаят. Калий продукциянын даамдык сапатын акшыртууга, андан тышкары суу жетишсиз кезе тургор басымын кармап турууга жардам берет.

**Магнийдин жетишсиздиги**. Ооpу эски жалбырактарда хлороз түрүндө пайда болот. ушул эле учурда жалбырактын кырындагы пластинканын түсү өзгөрүп, б.а агарып баштайт. Жалбырактын кырындагы чоң чоң тамырчалардын ортосундагы пластинка өзгөрүп, б.а агарып баштайт. Ал эми тамырчалар болсо, жашыл түсүндө сакталып калат. Ошондой эле бул түсү менен бир караганда эле

өзгөчөлөнүп көрүнүп турат. Кийинчерээк оорунун белгилери башка жаш жалбырактарда да пайда болуп баштайт.

**Бордун жетишсиздиги**. Эң биринчи белгилери сабактын учундагы жаш жалбырактарда байкалып баштайт. Бул жалбырактар кою жашыл түстө болот жана жалбырактын кырлары буралып калат. Бордун аябай жетишсиздигинден гүлдөр жана түйүндөр түшүп баштайт.

## 2- БӨЛҮК.
## МАТЕРИАЛДАР ЖАНА МЕТОДИКАЛАР

Изилдөөнүн объектиси болуп Кыргызстандын Чүй аймагында жайгашкан Арча-Бешик, Маевка айылдардарындагы жана Кыргыз Улуттук Агрардык Унивеститеттинде жайгашкан күнөсканалардан козу карындык илдетке чалдыккан (*Fusarium oxysporum, Rhizoctonia solani, Sclerotinia sclerotiorum, Erysiphe cichoracearum, Stemphylium solani, Verticillium arboatrum, Pseudoperonospora cubensis, Alternaria concatenata, Colletotrichum graminicola, Colletotrichum spp.)* өсүмдүк үлгүлөрү саналды.

### 2.1. Илдет козгогучтарды өстүрүүгө колдонулган азык чөйрөлөрү

Илдетке чалдыккан өсүмдүк үлгүлөрү майда бөлүктөргө бөлүнүп, сууда жуулгандан кийин 2%тик NaOCl суспенсиясында 2 мүнөт дезинфекцияланып, сырткы чоочун микрофлорадан тазаланды. Дезинфекцияланган бөлүктөрдү стерилденген сууда эки жолу чайкап, фильтр кагазына салып кургатабыз. Кургатылган үлгүлөр Чапек-Докса азык чөйрөсү куюлуп даярдалган Петри чөйчөкчөлөрүнө 5 тен бөлүк жайгаштырылды. нымдуу камерада кармалды. Термостатта 25-26°С инкубацияланды. 4-6 суткадан кийин фитопатогендик козу карындын мицелийи пайда болгондо, таза культуралары чөйрөгө бөлүп алынды.

**1. Суу агары:** 20 грам агар – агар, суу дистрленген – 1000мл. Фитопатогендик козу карындарды сапрофиттик формасынан айырмалап бөлүп алуу үчүн кедей курамдагы чөйрөнү алдык. Фитопатогендерди бөлүп алгандан кийин курамы бай минералдык чөйрөгө таза культурасын өстүрүп, кийинки изилдөөлөрдү жүргүздүк.

**2. Чапек-Докса агары:** Сахароза 20,0; $NaNO_3$- 3,0; $K_2HPO_4$ - 1г; $MgSO_4 \cdot 7H_2O$ – 1г; KCl -1гр; $FeSO_4$ - 0,05г; Чапек-Докса – козу карындар үчүн жалгыз азоттун булагын сахароза эсептелген, жарым синтетикалык, түссүз же ачык сары түстөгү чөйрө.

**3. Крахмал-аммиак агары:** (гр/л) $(NH_4)_2SO_4$-2г; $K_2HPO_4$-1 г; $MgSO_4$*$7H_20$-1 г; NaCl-1 г; $CaCO_3$-3 г; Агар-20 г; Суу-1 л.; pH-7.2; Крахмал-10 г.

**4. Күрүч чөйрөсү –** 50 г күрүч сууда жуулуп, автоклавданды

**5. Сорго чөйрөсү -** 50 г күрүч сууда жуулуп, автоклавданды

## 2.2. Илдет козгогучту бөлүп алуунун тартиби

- жабыркаган жалбырактардан кесинди жасап, агып жаткан сууда жуу
- жуулган, дезинфекцияланган органдын бөлүгү нымдуу камерада жана агар чөйрөлөрүндө өстүрүү. Азык чөйрөлөрү катары картошка глюкоза агары, Чапек чөйрөсү колдонулду.
- үлгүлөр отургузулган Петри чөйчөкчөлөрү термостатта кармалды жана 3- күндөн бир нече күнгө чейин байкоо жасалды. Бактериянын же козу карындын колониялары байкалганда таза культурага отургузулду.
- өсүп чыккан патогендердин түрдүк жана уруулук курамын микроскоптун жардамы менен аныктадык.

## 2.3. Антагонисттердин касиетин аныктоодо колдонулган ыкмалар

Лабораториялык шартта бөлүнүп алынган илдет козгогучтарга каршы антагонисттик активдүүлүккө ээ штаммдар төмөнкү 2 ыкма менен изилденди.

**а) Перпендикуляр штрих ыкмасы**: Петри чөйчөкчөсүндө жайгашкан агар чөйрөсүнө антибиотикалык зат бөлүп чыгарууга жөндөмдүү организмди штрих өстүрүшөт. Штрихти Петри чөйчөкчөсүнүн диаметрине карата жасашат. Продуценттин инкубация убагы анын өсүү ылдамдыгына көз каранды. Продуцент өсүп, антибиотикалык затты пайда кылгандан кийин агарга перпендикулярдык түрдө тест-организимдерди отургузулат. Отургузуу үчүн стерилденген сууда жайгашкан коюу суспензияны колдонушат. Чөйчөкчөлөрдү термостатта 28-30°С температурада 2-8 сутка ичинде кармашат. Антибиотикалык заттарга туруктуу организимдер продуценттин жанында өсөт. Эгерде антибиотик организимге таасир берсе продуценттен алыс өсөт. Ал аралык канчалык алыс болсо, тест-организм антибиотикдик затка ошончолук сезгич келгенин көрсөтөт [33].

**б) Чуңкур ыкмасы:** Козу карындар 100мл өлчөмүндө стерилденген 60°С та муздатылган Чапек-Докса чөйрөсүнө салынып, жакшы аралаштырылды. Жакшы аралаштырылган чөйрөлөр Петри чөйчөкчөлөрүнө 1-1,5 см калындыкта куюлду. Чөйрө муздагандан кийин стерилдүү айнек таякчасы менен диаметри 1,5 см болгон чункурчалар кесилип, ошол чункурчаларга 7 сутка шейкерде чайкалган актиномицеттин суспензиялары 1%, 2% жана 3% дуу эритмеге чейин суюлтулуп, куюлду. Антибактериялык касиетин пайда кылган лизис зонасынан аныктап, сызгыч менен ченедик.

### 2.4. Биоагенттин тамыр ризосферасында сакталышын аныктоо.

Ал үчүн биоагенттер менен иштетилген бадыран үлгүлөрүнөн тамырын топурагынан тазалап, стерилденген кварц куму менен майдалап, $10^3$ даражасында суюлтуп Крахмал аммиак агарына, себүү жасалды. Петри чөйчөктөрү 28°С та кармалып, 5 суткадан колония пайда кылган бирдиктер саналды.

### 2.5. Топурактагы инфекция менен күрөшүү:

Топуракта калып калган козу карындар менен менен күрөшүүдө жогоруда жасалган топуракты 4 бөлүккө бөлдүк:

*1* топурак + фитопатоген

*2* топурак + фитопатоген + ***Streptomyces* уруусундагы С1-4 жана Рч-3 штаммдар**

*3* топурак + фитопатоген + **С1-4 штаммы**

*4* топурак + фитопатоген + **Рч-3 штаммы**

*5* топурак + фитопатоген + ***Trichoderma lignorium***

*6* торупак + фитопатоген + **С1-4 жана Рч-3 штаммдары +** ***Trichoderma lignorium***

Биоагент катары ***Streptomyces уруусундагы С1-4*** жана ***Trichoderma lignorium*** штаммдары  алынды.

**2.6 Үрөөндөгү инфекция менен күрөшүүдө** бадырандын үрөөнүн алгач фитопатогендин суспезиясына чылап, кургаткандан кийин ***Streptomyces уруусундагы С1-4*** жана ***Trichoderma lignorium.*** биоагенттердин суспензиясына кайрадан чыладык. Фитопатогендин өсүп чыгышын КАА жана Чапек-Докса чөйрөсүндө бааладык.

### 2.7. Илдеттин жабыркоо даражасын эсептөө

Жабыркоонун интенсивдүүлүгү жалбырактын аянты боюнча эсептелди. Жабыркоо даражасы 4 - баллдык шкала боюнча бааланды.

Илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдө илдеттин таралышын төмөнкү формула менен аныктадык:

**P = 100n/N;**

Р- таралышы (распространенность)

n – үлгүдөгү илдетке чалдыккан өсүмдүктүн саны

N – жалпы изилденген өсүмдүктүн саны

**Вегетация учурундагы өсүмдүктүн соолуусунун жабыркоо даражасын төмөнкүдөй шкала менен жүргүздүк:**

0 - илдеттин симптом жок

1 –жалбырактын түргорунун алсыз болушу, тарамыштарынын саргайышы 10% чейин

2 –саргайуу жана соолуу жалбырак пластинкасынын 25% ке чейин капташы

3 –саргайуу, айрым бөлүктөрдүн некрозу, жалбырак пластинкасынын буралышы, соолуу 50% чейин

4 –соолуу 50% көп, өткөргүч системанын карарышы

5 – өсүмдүк толугу менен соолуган

300 гр топуракты автоклавда 2 жолу стерилдеп, стерилденген топуракка 3 мл бактериянын суюк чөйрөдө өстүрүлгөн суспензиясын аралаштырып, пластик идиштерге салынды. Ар бир 20 күн сайын 4 ай бою Кинг Б чөйрөсүнө терендикке себилди жана өсүп чыккан колониялар эсептелинди [34].

## 2.8 Горяев камерада актиномицеттин спораларын саноо

Окулярдын x10 жана x40 объективинде 4 чон 16 (б.а. 80 кичине квадраттагы клетка) га бөлүнгөн квадраттагы спора диагонал боюнча жайгашкан ирээтте санайбыз.

$10^4$ даражсасына чейинки (100, 1000, 10000, 100 000) суюлтуулар жасалып төмөнкү формула менен эсептелинди

$X = (ax400x10^x/80)$.

X- актиномицеттин спорасынын 1 мл деги саны

а- актиномицеттин 80 квадарттагы саны

$10^x$ – суюлтуунун даражасы

## 3- БӨЛҮК.
## ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК БӨЛҮК ЖАНА ӨЗДҮК ИЗИЛДӨӨЛӨР

### 3.1. Илдетке чалдыккан өсүмдүк үлгүлөрүнөн фитопатогендик козу карындардын бөлүнүшү.

Илдетке чалдыккан бадырандан тамыр илдет козгогучтары *F. oxysporum, R. solani,* бадырандын башка илдет козгогучтарына салыштырмалуу жабыркатуу денгээли боюнча жогору болду. Ошондуктан көпчүлүк тажрыйбалар ушул илдет козгогучтарга карата жүргүзүлдү.

Термостатта 25°С'де бир апталык инкубациядан кийин Петри чөйчөкчөлөрүндөгү колониялар микроскоптук жана макроскоптук жол менен изилденип, *F. oxysporum, Rhizoctonia* spp., жана *Alternaria cucumerina* илдет козгогучтары экендиги белгиленди.



**а)** **б)**

*Сүрөт 3.1.1* а) илдетке чалдыккан бадыран үлгүсү, б) бөлүнүп алынган илдет козгогуч

3.1.2-сүрөттө көрүнүп тургандай, илдетке чалдыккан бадыран үлгүлөрүнөн нымдуу камерада жана азык чөйрөдө фитопатогендердин колонияларын 5-10 сутка ичинде өстүрүп алдык.



*Сүрөт 3.1.2.* Илдетке чалдыккан бадыран жана томаттын үлгүлөрүн нымдуу камерага отургузулган көрүнүшү



*Сүрөт 3.1.3.* Илдет козгогучтардын Чапек-Докса чөйрөсүндө өсүп чыккан колониялары



*Сүрөт 3.1.4.* Кенири таралган илдет козгогучтардын таза колониялары

Жогорудагы 3.1.4-сүрөт көрсөтүп тургандай, козу карындын жана бактериялардын таза культурасын кийинки изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдондук. Бул козу карындарды адабияттык аныктагычтардын жана өсүмдүктөгү айкын симптомдордун негизинде идентификациялоо жүргүздүк.

## 3.2. Лабораториялык шартта *Streptomyces* урууcундагы актиномицеттердин антифунгалдык активдүүлүгүн сыноо

Күнөсканада өзгөчө шарт – жогорку температура жана жогорку нымдуулук, монокультуранын болушу ар түрдүү этиологиядагы илдеттердин топтолушуна жана массалык өрчүшүнө алып келет. Жыл сайын бадыранга өтө күчтүү тамыр чириктеринин козгогучтары (*Fusarium (F. oxysporum, F.solani* и др.) жана *Rhizoctonia (R.aderholdii*). ак кебер *Oidium erysiphoides* Fr. (сумкалык стадиясы *Erysiphe cichoracearum* D.c.f.. cucurbitacearum Pot.), аскохитоз *(Ascochyta cucumis),* трахеомикоздук соолуу, переноспороз (*Pseudoperonospora cubensis Rostowz*) ж.б. илдеттер зыян алып келүүдө.




*Сүрөт 3.2.1.* Биологиялык активдүү заттарды бөлүп чыгаруу боюнча маалымат



*Сүрөт 3.2.2.* Актиномицеттердин антибиотик заттары

Микробдук экинчилик метаболиттер уникалдуу химиялык структурадагы кошулмалардын булагы болуп саналат. Көпчүлүгү ферментациянын натыйжасында пайда болот. Бул кошулмалар, антибактериялык жана шишиктерге каршы касиетке эле ээ болбостон, козу карындарга, гельминттерге каршы, нейро коргоочу да касиеттерге да ээ. Атыгүл кенири таралган инфекциялык илдеттерге карата колдонушат.

Мисалы 10 миллион топурактан болүнүп алынган актиномицеттин ичинен бир штамм даптомицин, 50 эритромицин, 150 ванкомицин, 1000 тетрациклин жана актиномицин, жана 100 000 стрептомицин бөлүп чыгарат. [35].

Акыркы эсептөөлөр боюнча 3.2.3-сүрөттөгү берилген маалыматтан да көп санда, б.а. экинчилик метоболиттеринин ичинен 14000 ге жакыны актиномицеттерден алынаарын айтышат. Алардын 80% *Streptomyces* уруусуна таандык. *Streptomyces* уруусундагы актиномицеттерди биопрепарат катары колдонуу абдан маанилүү жана бир нече себептери бар.

Алардын штаммдары ар түрдүү азык чөйрөлөрүнө оңой өсөт, арзан жана женил алынган азык булактарын иштетет. Жашоого жөндөмдүүлүгүн жана биологиялык активдүүлүгүн жоготпостон ар түрдүү кургоолорго туруктуу. Ошондой эле көп окумуштуулардын айтуусу боюнча өсүмдүктөрдү козу карындык илдеттерден коргоодо биофунгициддерди колдонуу алардын өсүүсүн дароо токтотот. Ошондуктан жашылча өсүмдүктөрдү коргоодо актиномицеттик препараттарды колдонуу менен коргоо эн жакшы натыйжа берет. *Streptomyces* уруусуна таандык актиномицеттер фунгициддик жана фитопатогендик козу карындарды ингибирлөөчү таасирге ээ биологиялык активдүү метаболиттерди – антибиотиктерди бөлүп чыгарарын көрсөтүп турат. Алардын көпчүлүгү агардык чөйрөдө дифузия кылууга жөндөмдүү жана лизис зоналарды пайда кыла алышат. Бул зонанын өсүүсү антибиотикалык заттын активдүүлүгүн көрсөтөт жана анын химиялык жаратылышынан көз каранды.




*Сүрөт 3.2.3.* Актиномицеттердин экинчилик метаболиттери

Тажрыйбанын биринчи этабында лабораториядагы 7 штаммдын антифунгалдык активдүүлүгүн *in vitro* шартында сыноодон өткөрдүк.

Сыноого төмөнкүдөй *Streptomyces* уруусуна кирген актиномицеттердин культуралары алынды: С1-4, ПП-3, К/К. 1К, К/б, 3К, Рч-3.

Антибиотикалык активдүүлүктү перпендикулярдык штрих жана агардык блок ыкмалар менен аныктадык.

Ошондой эле, бир эле учурда күнөскана шартында көп колдонулган фунгициддер жана биологиялык препараттардын таасирин салыштырдык. Бул препараттар азыркы учурда дыйкандар тарабынан ачык да, жабык да грунтта

кеңири колдонулган химиялык пестициддердин (таасир берүүчү заты – дифеноконазол жана триадимефон) катарына кирет.

Тест-организм катары төмөнкү козу карындарды тандадык:

1. *Alternaria cucumerina*
2. *Fusarium oxysporum* Schlecht
3. *Rhizoctonia sp.*

Бул фитопатогендер Петри чөйчөгүн толук каптап өскөндөн кийин, таза стерилдүү пробирка менен 4 чункур жасалып ар түрдүү концентрациядагы биоагенттин суспензиясы куюлду. Андан кийин 27°С термостаттка 5 күн кармалып, чункур агардын айланасында пайда болгон лизис зонага карата активдүүлүгү аныктадык. Лизис зонанын диаметрин сызгыч менен ченеп, төмөнкүдөй жыйынтыктарды алдык.

*Жадыбал 3.2.1*

Препараттардын антифунгалдык активдүүлүгү

| | *Alternaria cucumerina* | *Rhizoctonia sp* | *Fusarium oxysporum* Schlecht |
|---|---|---|---|
| | **Өсүүнү басандаткан зона, мм** | | |
| Дифеноконазол | 6 *мм* | 3 *мм* | 1 *мм* |
| Триадимефон | 0 | 0 | 1 *мм* |
| С1-4 | 7 *мм* | 3 *мм* | 3 *мм* |
| ПП-3 | 1 *мм* | 2 *мм* | 1 *мм* |
| К/К | 0 | 0 | 0 |
| 1К | 1 *мм* | 0 | 1 *мм* |
| К/б | 1 *мм* | 0 | 1 *мм* |
| 3К | 0 | 2 *мм* | 0 |
| Рч-3 | 0 | 5 *мм* | 7 *мм* |
| ПАТ | 0 | 1 *мм* | 3 *мм* |




*Сүрөт 3.2.4.* С1-4, ПАТ жана Рч-3 штаммынын бадырандын *Rhizoctonia sp.* козу карынына көрсөткөн антагонисттик таасири




*Диаграмма 3.2.1.* Streptomyces уруусуна кирген актиномицеттердин *Rhizoctonia sp.* козу карынына карата антифунгалдык активдүүлүгү

3.2.1-диаграммадагы алынган жыйынтыктар көрсөтүп тургандай, Рч-3 штаммынын 2% дуу суспензиясы куюлган вариантта *Rhizoctonia sp.* козу карынынын өсүүсүн 7 мм чейин ингибирлеген. Ал эми 3.2.4-сүрөттө көрүнүп тургандай триадимефон жана дифеноконазол таасир берүүчү заты болгон препараттарынын сунушталган өлчөмү (Петри чөйчөгүндө 1 жана 2 менен белгиленген) эч кандай натыйжа берген эмес. Бул кызыктуу көрүнүш, б.а. күнөсканада кездешкен илдет козгогучтар бул фунгициддердин түрүнө резистентүү деп айтууга болот. Ал эми активдүү биоагенттин лизис зона пайда

кылуусун 2 сааттан кийин башталганын байкадык. Ал эми С1-4 жана ПАТ штаммдары пайда кылган лизис зонасы 6 - суткада 2 - 4 мм ге чейин жетти.

Микроскоптон караганыбызда биоагент Рч-3 штаммы менен патогендин контакт болгон жеринде, сүрөттө көрүнүп тургандай мицелий лизиске учурап, майда бөлүкчөлөргө бөлүнгөнүн, мындан сырткары коремиялык конидия кармагычта жайгашкан конидиялары өз өзүнчө ажырап кеткенин байкадык.



**а** **б** **в**

*Сүрөт 3.2.5.* Рч-3 штаммынын *Rhizoctonia sp.* козу карынынын мицелийин лизиске учуратканкөрүнүшү

Ал эми С1-4 штаммы *Alternaria cucumerina* илдет козгогучуна карата он натыйжа көрсөткөн. Айта турган болсок, 3 деген номер менен жазылган чункурга, С1-4 штаммынын 2% дуу суспензиясын куюп, ар бир саат сайын байкоо жүргүздүк. 2-саатта эле лизиске учураткан көрүнүш байкалган. 5-суткада лизис зона 7 мм ди түзгөн. Кызыктуусу, дифеноконазол фунгициди колдонулган вариантта (1номери менен белгиленген) лизис зонадай көрүнүштү берген, бирок чынында лизис зона болгон эмес. Козу карындын күнүрт түскө боелгон аба мицелийи гана түсүн өзгөрткөн, ал эми патоген өсүүсүн уланта берген. Түстүн өзгөрүүсүн патогендин инфекциялуулугун жоготту деп айтууга болбойт.




*Сүрөт 3.2.6.* 1 – дифеноконазол т.з; 2 – триадимефон т.з; 3 - Streptomyces уруусундагы С1-4, ПАТ штаммдарынын *Alternaria cucumerina* козу карынына көрсөткөн антагонисттик активдүүлүгү

Микроскоптон караганыбызда, *Alternaria cucumerina* козу карынынын күнүрт-жашыл түскө боелгон конидиялары түсүн өзгөртүп, конидиядагы каптал тосмолор эрип кеткен. Мындан сырткары калын каптуу мицелий майда бөлүктөргө ажырап, мицелийдин капталы жукарганын байкадык.




*Диаграмма 3.2.2. Streptomyces* уруусуна кирген актиномицеттердин *Alternaria cucumerina* га каршы антифунгалдык активдүүлүгү

3.2.2-диаграммадагы алынган жыйынтыктар көрсөтүп тургандай С1-4 штаммы жана дифеноконазол препаратынын зона лизиси дээрлик бирдей өлчөмдө, анткен менен жогоруда сүрөттөн көрүнүп тургандай дифеноконазол препараты менен иштетилген вариантта мицелий жөн гана түсүн өзгөрткөн.



*Сүрөт 3.2.7.* Биоагенттердин активдүүлүгүн перпендикуляр-штрих ыкмасы менен изилдөө

3.2.7-сүрөттө көрүнүп тургандай, лабораториялык шартта биоагенттердин активдүүлүгүн перпендикуляр-штрих ыкмасы менен дагы сыноодон өткөрдүк. С1-4 штаммы бул ыкма менен да абдан айкын активдүүлүктү көрсөткөн. 96 сааттан кийин акырындап өсүүсүн басандаткан.




*Сүрөт 3.2.8.* 1 – дифеноконазол; 2 – триадимефон; 3 - *Streptomyces* урууcундагы С1-4, Рч-3 жана ПАТ штаммдарынын *Fusarium oxysporium* козу карынына көрсөткөн антагонисттик активдүүлүгү




*Сүрөт 3.2.9.* С1-4, Рч-3 жана ПАТ штаммдарынын активдүүлүгүн *Fusarium oxysporium* га каршы чункур ыкмасы менен изилдөө




*Сүрөт 3.2.10.* С1-4, Рч-3 жана ПАТ штаммдарынын активдүүлүгүн *Fusarium oxysporium* га каршы перпендикуляр-штрих ыкмасы менен изилдөө

Актиномицет-антагонист *Fusarium oxysporium* козу карынын 10 – суткада дээрлик толук ээритип жок кылган. Микроскоптон караганда антагонист менен илдет козгогучтун контакт болгон жеринде, б.а. лизиске учураган жерде конидиялардын топтолуп жайгашкан формасы бузулуп, конидия кармаган мицелий жалгыз калган. Илдет козгогучтун патогендүүлүгү конидиялардын топтошуп токсин бөлүп чыгарганында. Биопрепарат менен иштеткенден кийин патогендүүлүк төмөндөйт же жабыркатуу жөндөмдүүлүгүн жок кылат деген жыйынтык чыгарууга болот.




*Диаграмма 3.2.3. Streptomyces* уруусуна кирген актиномицеттердин *Fusarium oxysporum* Schlecht козу карынына карата антифунгалдык активдүүлүгү

3.2.3- диаграмма көрсөтүп тургандай, *Fusarium oxysporium* козу карынына карата Рч-3 штаммы жогорку активдүүлүк көрсөттү. Козу карындын аба мицелийин лизиске учураткан өлчөмү 7 мм ге жеткен. Ал эми *Fusarium oxysporium* козгогучу менен күрөшүүдөгү экинчи орунда турган биоагент катары ПАТ жана С1-4 штаммдарын айтууга болот. Бул агенттердин козу карындык мицелийди лизиске учураткан өлчөмү – 3мм ди түздү. Ал эми химиялык фунгициддердин таасири сүрөттө көрүнүп тургандай байкалган жок. Ушундай он натыйжаны перпендикуляр штрих ыкмасы менен жүргүзүүдө да байкоого болот. Фитопатогендин культурасы 2-суткадан тартып артка чегине баштаган.



*Сүрөт 3.2.11.* Рч-3 штаммынын *Fusarium oxysporium* козу карынынын мицелийинин лизиске учураткан көрүнүшү

3.2.11-сүрөттө көрүнүп тургандай Рч-3 штаммы дээрлик бөлүнүп алынган патогендердин баарына он натыйжа көрсөткөн, козу карындардын радиалдык өсүүсүн ингибирлегенин байкоого болот.



*Сүрөт 3.2.12. Trichoderma lignorium* дун *Fusarium oxysporium* илдет козгогучуна карата антагонистик касиети

3.2.12-сүрөттө көрүнүп тургандай, *Trichoderma lignorium* биоагентинин таасирин ар бир саат сайын айкын көрүнүп турду. Биоагент патогенди көздөй өсүп, гиппермаразиттик таасир менен 5-суткада толугу менен каптап өскөн.




*Сүрөт 3.2.13. Trichoderma* уруусундагы козу карындардын активдүү өзгөчөлүктөрү

Дүйнө жүзүндө триходерма боюнча көптөгөн изилдөөлөр бар. 3.2.13-сүрөттө көрүнүп тургандай бул уруудагы козу карындар өсүмдүктөрдү илдеттерден коргоодо эффективдүү (субстратка бат колонизацияланат) жана биотехнологиялык потенциалы жогору биоагент; Антифунгалдык ферменттерди

бөлүп чыгарат; Микопаразит; Өсүмдүктүн өсүшүн жөнгө салуучу заттарды бөлүп чыгарат; Өсүмдүктүн кийин пайда болгон иммунитетин жакшыртат) биологиялык көзөмөл жүргүзүүчүлөр деп атоого болот. Жүргүзүлгөн тажрыйбадан *Trichoderma lignorium* агентин күнөскана шартында таралган илдеттердин кенири тобуна колдонуга болот деген жыйынтык чыгардык. Себеби бөлүнгөн илдет козгогучтардын баарына гиперпаразиттик таасир көрсоттү. Мындан сырткары *Streptomyces* уруусундагы актиномицеттер менен *Trichoderma lignorium* поли культуралык препарат катары активдүү экендигин байкадык. Топуракта бул культуралардын 2 айдан узак убакыт сакталышы, кайрадан колониялардын өсүп чыгышы, топуракта сакталган патогендер менен ийгиликтүү күрөшө тургандыгын аныктайт.

Бул алынган жыйынтыктар күнөсканадагы кездешкен конидиясы боелбогон патогендердин тобуна *Streptomyces* уруусундагы актиномицеттердин белгилүү бир түрү активдүүлүк көрсөтсө, конидиясы боелгон патогендерге актиномицеттердин башка түрү колдонуп каршы күрөшүүгө болоорун айтып турат.

## 3.3. Лабораториялык шартта *Streptomyces* уруусундагы актиномицеттердин активдүүлүгүн бадырандын үрөөндөрүн алдын ала иштетүү жолу менен сыноо

### 3.3.1. Өсүмдүктөрдүн илдеттеринин жугуусундагы үрөөндөрдүн ролу

Азыркы учурда үрөөнчүлүктүн негизги көйгөйлөрү болуп: жогорку түшүм берүүчү сортторду чыгаруу, эн коркунучтуу фитопатогендерге, сырткы чөйрөнүн жагымсыз факторлоруна туруктуу, ошондой эле патогендик микофлорадан үрөөндүк материалды эркин түрдө алуу болуп эсептелет.

Айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн үрөөндөрү козу-карындардын негизги образын түзгөн ар түрдүү микрофлоралар үчүн ошондой эле бактерия, микоплазма жана вирустардын коргонуучу жайы катары кызмат кылат. Микроорганизм жашабаган үрөн болбойт, себеби үрөндүн химиялык түзүлүшү микроорганизмдин өсүүсүнө толук шарт түзүп берет. Бардык айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн илдет козгогучтарынын 30 % дан көбү үрөндөр менен таркалат,

кээ бир маалыматтарга караганда үрөндөр менен отургузуучу материялдардын 60 % дан көбү өсүмдүктөрдүн негизги инфекциялык илдеттирин ташуучулар болуп саналат.

Бир тараптан алар илдет козгогучтардын сакталуучу жайы болуу менен бирге келээрки жылга илдеттин жаңылануучу булагы болуп саналат. Экинчиден өсүмдүктөрдүн жугуштуу илдеттеринин кандайдыр бир территорияга жайылуусунун бир жолу болуп эсептелет. Ушундай жол менен илдеттер өлкөнүн ичинде, бир өлкөдөн экинчи өлкөгө, континенттерге жана континенттер арасына таркалат. Илдетке чалдыккан үрөндөрдү себүү менен алар вегетация учурундагы өсүмдүктөрдү илдетке чалдыктырып, өсүмдүктөрдүн жугуштуу илдеттеринин очогун түзөт. Жугуштуу илдеттерден таза, бирок микроорганизмдердин өсүүсүнө ыңгайлуу шарттары бар бир топурака аз өлчөмдөгү илдет козгогучтары бар үрөндү сепкенде заматта таза топуракты илдет козгогучтар менен толтуруп коет.

Үрөндүн көпчүлүк бөлүгү козу-карын аркылуу илдетке чалдыкканда өсүмдүктөрдүн өсүүсүнүн төмөндөөсү, түшүмдүн азайуусу байкалат, бирок буларга аба-ырайынын жана үрөндүк материалдын сапаты да таасиирин тийгизет. Үрөнгө сапрофиттик козу-карындардын жайгашып калуусунун дагы бир терс жагы алар кайрадан илдетти жаңылап тургандыктан өсүмдүктөрдүн өсүүсү төмөндөп, үрөндүн сапаты түшөт. Зыяндуулук коеффициенти 30% - 50% га чейин жетет. Илдеттин жайылуусу-бул патогендин өсүмдүктүн таза органына жана тканына жетип, эгер ыңгайлуу шарт болсо аны илдетке чалдыктырат. Үрөн аркылуу патоген 3 жол менен таралат: үрөндүн механикалык аралашмасы, мисалы, склероций, спора, мицелий түрлөрү аркылуу. Муну менен түйүлдүктүн илдетке чалдыгуусу патогендик агенттин үрөндөн өсүмдүккө, ал эми эндосперм же кабыктын илдетке чалдыгуусунда үрөндөн өсүмдүккө өтүүсү өсүмдүктүн өсүп жаткан убагында гана болот. Илдетке чалдыккан үрөндө патогендик агент тирүү ткандарында кездешет башкача айтканда үрөн оорулуу болуп саналат ошону менен катар өсүмдүктү да илдетке чалдыккан деп эсептейбиз. Топуракка үрөндөр аркылуу түшкөн патогендик агенттер абдан кооптуу келет. Топуракты колонизациялап жана илдет жугузуп, өсүмдүк кожоюн жок болсо да (*Fusarium, Rhizoctonia*) узак убакытка сактала берет. Илдеттин бир учурда топурак жана үрөн аркылуу берилүүсү илдеттин интенсивдүү тез өнүгүүсүнө алып келет.

Жабык грунтта атайын шарттын болушу – топуракты алмаштырбоо, жогорку температура жана нымдуулук – көптөгөн илдет козгогучтардын, зыянкечтердин массалык өрчүшүнө алып келип, жогорку түшүмдү алуу мүмкүнчүлүгүн кыскартат, ошону менен бирге алынган продукциянын сапаты начарлайт. Ал эми жабык грунтта тамыр чирик илдетин химиялык препарат менен иштетүү биртоп эле кооптуу. Ошондуктан бадырандын үрөндөрүн бир нече актиномицеттердин суспензиясы менен иштетип, лабораториялык шартта байкоо жүргүздүк.



а



б

*Сүрөт 3.3.1. Streptomyces* уруусундагы актиномицеттердин ар түрдүү концентрацияда чыланган жана Петри чөйчөгүнө отургузулган үлгүлөрү

3.3.1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй 7 сутка чайкалган актиномицеттин суспензиясынан бадырандын өсүшүнө оптималдуу концентрацияны аныктоо максатында 5 суюлтуу жасалып, Петри чөйчөктөрүно төмөнкүдөй белгиленди:

0- концентрацияланган суспензия - 248 000 000 клетка/мл

1- $10^{-1}$ даражадагы суюлтуу – 1:10 - 24 200 000 клетка/мл

2- $10^{-2}$ даражадагы суюлтуу – 1:100 - 11 960 000 клетка/мл

3- $10^{-3}$ даражадагы суюлтуу – 1:1000 - 7 440 000 клетка/мл

4- $10^{-4}$ даражадагы суюлтуу – 1:10 000 – 3 100 000 клетка/мл

$$M = \frac{a \cdot 10^n}{V}$$

*M* – 1 млдеги клетканын саны,
*a* – ушул суюлтууда өсүп чыккан болжолдуу колониянын орточо саны,
*10* — суюлтуу коэффициенти,
*n* – суюлтуудагы катар номер,
*V* – алынган суспензиянын көлөмү.
Петри чөйчөгүнө отургузууга чейин Гораев камерасында клеткаларды санап алдык.


а


б


в


а


б


в



а б в



а б в



а б в

*Сүрөт 3.3.2. Streptomyces* уруусундагы актиномицеттердин а- камера Горяевадагы клеткалардын саны; б- 2 суткада бадырандын өнүмдөрүнүн өсүп чыгышы; 3 – 4-суткадагы өнүмдөрдүн көрүнүшү

3.3.2- сүрөттөрдөгү алынган жыйынтык көрсөтүп тургандай, концентрацияланган жана 11 960 000 клетка бар суспензияда бадырандын өсүшү ингибирленгенин байкадык. $10^2$ даражасындагы суюлтууда 2-номер менен белгиленген өнүмдөрдүн 50% өнүп чыккан. Ал эми $3x10^6$. клетка бар суюлтууда 100% өнүмдөрдүн өсүшүн касыз кылган. Өсүп чыккан өнүмдөр бирдей, жоон тамыр менен, илдеттин белгиси жок экендигин байкадык.

Бул варианттагы өнүмдөр суу менен иштетилген үрөндөргө салыштырмалуу 1 күн эрте өнүмдөрдү пайда кылган.

Бул тажрыйбанын негизинде кийинки изилдөөлөргө $10^4$ даражасындагы суюлтууну оптималдуу деп алып, күнөскана шартындагы сыноолорго колдондук.

Күнөскана шартындагы 1-сыноого «младший Лейтенант» жана «Герман» сорттору алынды.

1- -«младший Лейтанант» - сорту тез жетилүүчү, жогорку түшүмдүү, ачык да жабык да топуракта өсүүчү, жыш жайкашкан мөмөлүктүү, бир түйүндө 2-5 тен 5-7 ге чейин мөмөлүк пайда кылуучу, корнишон тибиндеги бадыран болуп саналат. Узундугу 9-12 см болот. Күнөсканада отургузуунун жыштыгы 2,5 көчөт/$м^2$.
2- «Герман» F1 гибрид болуп саналат. Ачык да, жабык да топуракта өстүрүлөт. Бат жетилгени жана жогорку түшүмдүүлүгү менен айырмаланат. Өнүм пайда болгондон 36 күндөн кийин алгачкы түшүмдү бере баштайт. 42 күндө маасалык жетилүү баштайт. 1 метрден 12-15 килограмм бадыран алууга болот.

Тажрыйбанын жыйынтыгында 2,5 көчөт $1м^2$ кетет деп алсак, 10 шт бадынардын үрөөнүнө ($4м^2$ жерге) 1 мл $10^4$ даражасындагы суюлтулган препарат керектелет. Башкача айтканда 1 мл препараттагы $3х10^6$ клетка/мл 4 $м^2$ аянтка отургузулуучу бадырандын үрөөнүн чылоого жетет. Демек концентрацияланган 1мл пеpататты 10 литр сууда аралаштырып, үрөөндү чылоо жана тамыр айланага куюу эн оптималдуу, өсүмдүккө зыян келтирбеген жумушчу эритме катары алынды.

Петри чөйчөгүндө изилденип оптималдуу доза аныкталгандан кийин лабораторияда атайын идиштерге топурак салып үрөндөрдү өстүрүү жолу менен кайрадан изилдедик. Бул изилдөө оптималдуу дозанын илдет менен чалдыккан өсүмдүккө кандай таасир берээрине байкоо үчүн жасалды. Отургузулардын алдында бадыраңдын үрөндөрү калий перманганатынын 1% эритмесин менен дезинфекцияланып, 10 мин кийин таза сууда жуулду. *Streptomyces* уруусундагы С1-4, ПП-3, К/К 1К, К/б 3К Рч-3 штаммдардан 3 100 000 клетка/мл суспензиясы даярдалды, андан кийин 5 мл суспензиясында бадырандын үрөөндөрү 60 мүнөт чыланып турду.

Лабораториялык шартта жана күнөскана шартында төмөнкүдөй байкоолор жүргүзүлүп турду.

1. фенологиялык байкоо: өнүмдүн канча күндө пайда болгону, биринчи чыныгы жалбырактын пайда болушу, көчөттүн отургузууга даяр болгон датасы, гүлдөшүнө байкоо жүргүзүү.

2. морфологиялык байкоо: өсүмдүктүн бийиктиги, жалбырактын аянты, өсүмдүктүн чийки массасы аныкталды.



*Сүрөт 3.3.3.*. Үрөөндөрдү *Streptomyces* уруусундагы С1-4, ПП-3, К/К 1К, К/б 3К Рч-3 штаммдардан 3 100 000 клетка/мл суспензиянда чылоо

*Streptomyces* уруусундагы штаммдардын өсүүнү жөнгө салуучу касиетин лабораториялык шартта нымдуу камерада бадынардын үрөөнүнүн өсүп чыгуусу жана өнүмдүүлүгү боюнча баа бердик. Ал эми теплицалык шартта өсүүнү жөнгө салуу касиетин биометриялык көрсөткүчтөрдүн: боюнун жана тамырынын узундугу, жалбырак аянтынын кендиги боюнча баа берилди.

Үрөндөр бөлмө температурасында 1 саат кургатылгандан кийин, атайын идиштеги патогендин иноклюму менен жугуштурулган топуракка отургузулду. Иноклюмдун топурака киргизилиши *F. oxysporum* дан даярдалган споралардын суспенсиасынан ($1x10^4$ спор/мл) ар бир идишке 15 мл куйулду. Үрөн отургузулган идиштер 25°С де 14 саат жарык жана 10 саат карангы болуп туруучу бөлмөгө жайгаштырылды. Лабораторияда өстүрүп алгандан кийин күнөскана шартында изилдөөлөр улантылды.

Тажрыйба төмөнкүдөй схема менен жүргүзүлдү:

1- Үрөөндү фитопатогендин суспензиясында чылоо – фитопатоген козу карынды чылоо үчүн кенири таралган, өтө күчтүү зыян алып келген *F. oxysporum* Чапек-Докса суюк чөйрөсүндө 220 айлануу/мин, 5 сутка шейкер аппаратында 27°С та чайкалып өстүрүү.

2- Бадырандын үрөөнүн биоагенттин суспензиясында чылоо. Инокулятты КАА (крахмал-аммиак) суюк чөйрөсүндө 220 айлануу/мин, 5 сутка шейкер аппаратында 27°С та чайкалып өстүрүлдү. Андан кийин алынган концентратты ар түрдүү дозага: 1%, 2%, 3% чейин суюлтуу.

3- Андан кийин биоагент менен иштетилген комнаталык температурада кургатылган үрөөндөрдү. тамыр чирик козгогучу кармалган сусупензияда кармоо, идиштерге отургузуу

4- Өсүп жаткн өнүмдөрдү жерге отургузган мезгилде тамырын биоагент бар 3 100 000 клетка/мл суспензия менен иштетүү. Жерге отургузаарда 5 активдүү штаммдын суспензиясы даярдалды.




*Сүрөт 3.3.4.* Сорго жана күрүч чөйрөсү




*Сүрөт 3.3.5. F. oxysporum* козу карынынын сорго жана күрүч чөйрөсүндө өсүшү

Адабияттык изилдөөлөргө ылайык, *F. oxysporum* козу карынын сорго жана күрүч чөйрөдө вирулентүүлүк касиети жогорулаары белгилилүү. Ушул себептен кийинки изилдөөлөр үчүн патогендин культурасынын патогендүүлүгүн арттыруу максатында чөйрөгө өстүрүлүп, кайрадан таза культуралары бөлүнуп алынды.

*Жадыбал 3.3.1*

Фенологиялык жана морфологиялык байкоолордун жыйынтыктары

| **Тажрыйбалык варианттар** | **Фенологиялык байкоо** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **өнүмдүн пайда болгон күн** | **биринчи чыныгы жалбырактын пайда болушу (күн)** | **көчөттү отургузууга даяр болгон күн** | **гүлдө шүнө байко о (күн)** |
| Контроль | 3 | 6 | 25 | 30 |
| С1-4 | 2 | 8 | 10 | 22 |
| Рч-3 | 3 | 12 | 15 | 23 |
| К-7 | 4 | 10 | 17 | 25 |
| ПП-3 | 4 | 10 | 17 | 30 |
| *F. oxysporum* | 6 | - | - | - |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + К7 штаммынын суспензиясы | 3 | 12 | 20 | 30 |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + *ПП3* штаммынын суспензиясы | 3 | 12 | 21 | 27 |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + *С1-4* штаммынын суспензиясы | 3 | 9 | 20 | 25 |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + *Рч-3* штаммынын суспензиясы | 4 | 9 | 19 | 25 |
| **Морфологиялык байкоо** | | | | |
| | өсүмдүктүн бийиктиги/ см (7 күн) | тамырынын узундугу/см (7 күн) | жалбыракты н аянты 15 күн | өсүмдү ктүн чийки массас ы |
| Контроль | 7 | 3 | 7 | - |
| С1-4 | 15 | 4 | 8 | - |
| Рч-3 | 9 | 3.8 | 8 | - |
| К-7 | 10 | 3.5 | 7 | - |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ПП-3 | 8 | 3.5 | 6 | - |
| *F. oxysporum* | 5 | 2 | 6 | - |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + К7 штаммынын суспензиясы | 7 | 3 | 6 | - |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + *ПП3* штаммынын суспензиясы | 8 | 2 | 8 | - |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + *С1-4* штаммынын суспензиясы | 10 | 4 | 8 | - |
| *F. oxysporum* козгогучу менен иштетилген үрөөн + *Рч-3* штаммынын суспензиясы | 10 | 3 | 7 | - |



*Сүрөт 3.3.6.* Эки аптадан кийин үрөөндүн өсүп чыгуусу

3.3.6-сүрөттө көрүнүп тургандай, биоагент жана фитопатогендин суспензиясы менен иштетилген үрөөндөр 2 жумада өнүм бере баштады. Жалан гана патогендин суспензиясы менен иштетилген вариантта тамырдын жана тамырдын сабак бөлүгүндө караюу байкалды. Топурактан алып караганыбызда, тамырлары ичкерген, саргайган экендиги байкалды. Ал эми 5 штаммдын ичинен лабораториялык шартта актидүүлүк көрсөткөн штаммдардын супензиясына чыланган варианттар чындыгнда он натыйжа берген. Өсүмдүк боюнан өтө чон эмес, анткен менен сабактары жоон, негизги жана кошумча тамыр жоон, күчтүү экендиги байкалды. Ал эми калган штаммдарда: К7, ПП-3 өсүмдүкдүктүн өсүүсү жакшы, анткен менен тамыры жана сабагы салыштырмалуу ичке болгон.




*Сүрөт 3.3.7.* Биопрепараттар менен иштетилген үрөөндөрдүн лабораторияда өсүп чыгуусу

Бул тажрыйба көрсөтүп тургандай, С1-4 жана Рч-3 штаммы менен үрөөндөрдү алдын ала иштетүү бир эле учурда тамыр чириктеринен коргойт, ошол эле учурда тамырдын күчтүү болушуна көмөктөшөт.




**а**




**б**



**в**

*Сүрөт 3.3.8.* Биооагенттер менен бадырандын көчөтөрүн күнөскана шартына которуп жаткан учурдан көрүнүш

3.3.8-сүрөттө көрүнүп тургандай, андан кийинки тажрыйбанын этабында, күнөсканага отургузууга даярдоодо чонураак идиштерге отургуздук. Күнөсканада алынган жыйынтыктар, лабораториялык шартта көрсөткөн жыйынтыктарды көрсөттү. Фитопатоген менен иштетилген варианттарда айкын белгилерди байкай алдык. Тамырын кесип караганда өткөргүч системанын ички беттери некрозго учураган. Ал эми С1-4 штаммы менен иштетилген вариантта башкалардан айырмаланып отургузулган өсүмдүктөрдүн тамыры жана тамырдын сабак бөлүгү 90% соо болгонун байкадык. Ал эми РЧ-3 штаммы менен иштетилген өнүмдөрдүн тамыр системасы, өзгөчө каптал тамырдын көп болгону кызыктуу болду.

Ошентип, тажрыйбанын биринчи жана экинчи этабында, лабораториялык штаммдардын ичинен С1-4 штаммы тамыр чириктери менен ийгиликтүү күрөшөт, ошол эле учурда өсүүсүнө он таасир этет, ал эми Рч-3 штаммы бадырандын жогорку көрсөткүчтөр менен өсүүсүн камсыз кылат деген жыйынтык чыгарууга болот.

*Жадыбал 3.3.2*

Биопрепараттардын үрөөнду иштетүүгө тийгизген таасири

| | **Тамырдагы илдеттин белгиси** | **Өсүмдүктүн боюнун узундугу,** |
|---|---|---|
| *Fusarium* козгогучу менен иштетилген үрөөн | 85% | 3см |
| *Fusarium* козгогучу менен иштетилген үрөөн + К7 штаммынын суспензиясы | 50% | 4см |
| *Fusarium* козгогучу менен иштетилген үрөөн + штаммынын суспензиясы *ПП3* | 55% | 4см |
| *Fusarium* козгогучу менен иштетилген үрөөн + штаммынын суспензиясы *С1-4* | - | 5см |
| *Fusarium* козгогучу менен иштетилген үрөөн + штаммынын суспензиясы *Рч-3* | 20% | 5см |
| К7 штаммынын суспензиясы менен иштетилген үрөөн | 5 | 7 см |
| *ПП3* штаммынын суспензиясы менен иштетилген үрөөн | 2 | 7 см |
| *С1-4* штаммынын суспензиясы менен иштетилген үрөөн | - | 8 см |
| *Рч-3* штаммынын суспензиясы менен иштетилген үрөөн | - | 8 см |

Түшүндүрмө: «-» - илдеттин белгиси байкалбайт



*Сүрөт 3.3.9.* Рч.3 штаммы менен иштетилген үрөөндөр

Ошентип, үрөөндүн ичиндеги инфекция менен күрөшүүдө үрөөн ууландыргычтарды кылдат тандоо керек экендигин баса белгилөөгө болот. Изилдөөлөр көрсөткөндөй *Streptomyces* уруусундагы штаммдар үрөөндук инфекция менен натыйжалуу күрөшөт деп айта алабыз. 3-жолу биометриялык көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы менен, күнөскана шартына колдонуу үчүн эки штаммды тандап алдык.

Бул штаммдардын жаны суспензиялары даярдалып, жогоруда көрсөтүлгөн 3 теплицада өстүрүлүп, вегетациянын аягына чейин статционардык, б.а. 10 күн сайын байкоолорду жүргүздүк.

Байкоолордун негизинде көчөттөрдүн тамыр системасын биоагенттердин (*Streptomyces)* суспензиясында кармоо өнүмдордүн тегиз өсүүсүн, гүлдөрдүн жана мөмөлүктөрдүн санынын көбөйүшүн камсыз кылаарын байкадык

Адабияттык изилдөөлөрдө көрсөтүлгөндөй, ризосфералык микроорганизмдер өсүмдүктүн өсүүсүнө он таасир эткен жана түшүмдүүлүктү жогорулаткан гормон заттарын, витаминдерди бөлүп чыгарышат. Мындан сырткары өсүмдүк жетпеген заттардын конвертациясын, б.а. соруп алуу жана минералдарды транлокациясын жогорулатат. Көпчүлүк микроорганизмдер индол-3-уксус кислотасын (IAA), гиббереллин кислотасы (GA3) сымал заттарды да бөлүп чыгарын аныкташкан.



*Сүрөт 3.3.10.* Бадырандын көчөттөрүн топуракка отургузуу мезгили




*Сүрөт 3.3.11.* Биоагенттин суспензиясы менен тамыр айланасын иштетүү мезгили

Тамыры биоагенттин суспензиясына чыланган көчөттөрдүн өсүшүн, тамыр илдеттеринин пайда болушун байкаганыбызда, С1-4 менен иштетилген көчөттөр

биометриялык көрсөткүчтөрү Рч-3 штаммы иштетилген варианттан айырмаланган. С1-4 биоагенти бар вариантта экинчилик, үчүнчүлүк жалбырактардын чыгышы ылдам, жалбырактын бетинин аянты чон, өсүмдүктүн өсүшү тегиз болгон. Ал эми Рч-3 штаммы менен иштетилген көчөттөрдөү жалбырактардын өлчөмү, беттик аянты жана боюнун узундугу салыштырмалуу артта калган.




*Сүрөт 3.3.12.* Бадырандын тамырын биоагент менен иштеткенден 1 ай өткөндөн кийинки көрүнүшү

Ал эми 1 ай өткөндөн кийин биоагенттин 1% дуу суспензиясы менен, дагы бир жолу иштетүү жүргүзүлдү. 3.3.12-сүрөттө көрүнүп тургандай, биоагенттер менен иштетилген өсүмдүктөрдө илдеттин эч кандай симптому байкалбайт, табигый жашыл, бары бирдей өсүшкөн.

Бадыран өстүрүлгон жөөктүн башынан, ортосунан жана аягынан ушул фазада жулуп илдеттин тамыр чирик козгогучтарына баалоо жүргүздүк. Тамырдын сабак бөлүгүндө жана тамырында илдеттин белгилери байкалган жок. Тамыр кадимки соо өсүмдүккө мүнөздүү абалда деген жыйынтык айтууга болот. Ал эми контролдук вариант менен салыштырганыбызда улам эски

жалбырактардын саргайып түшүшү биопрепараттарга салыштырмалуу эрте башталган, мындан сырткары жалбырактарда бурчтуу жана кара жашыл тактуулугу белгилери көбөйгөн.




*Сүрөт 3.3.13.* Күнөсканадагы С1-4 жана Рч-3 штаммынын таасирин салыштыруу



*Сүрөт 3.3.14.* Биометриялык көрсөткүчтөрдү ченөө убагы

*Streptomyces* уруусундагы биоагенттер менен иштетүү өсүмдүктүн ассимиляциялык аппаратынын өрчүшүнө таасир берген, б.а. контролдук вариантка салыштырмалуу жалбырак пластинкасынын аянты чоң болгону байкалган.

Жалбырактардын саны да жогору болгон. 3.3.3-таблицанын анализи көрсөтүп тургандай эффективдүү натыйжаны С1-4 штаммы берген. Жалбырак пластинкасынын аянтынын чоң болушу, фотосинтездик потенциалдын жогору болушуна алып келет

Жалбырактын аянтынын кен болушу жана фотосинтездик потенциалдын жогору болушу түшүмдүн жогору болушуна алып келет. Салыштырмалуу жогорку түшүмдүүлүк 0,5м$^2$ та С1-4 штаммы менен иштетилген вариант көрсөттү. С1-4 штаммы менен иштетилген өсүмдүктүн боюнун узундугу 250см, сабактын диаметри 1.2см, жалбырактын аянты 152дм². Рч-3 штаммы менен иштетилген өсүмдүктүн боюнун узундугу 250см, сабактын диаметри 1.3см, жалбырактын аянты 150дм². Ал эми контролдук вариантта өсүмдүктүн боюнун узундугу 235см, сабактын диаметри 1.0см, жалбырактын аянты 149дм².




*Диаграмма 3.3.1.* Биологиялык активдүү заттардын бадыраңдын фенологиялык көрсөткүчтөрүнө таасири

3.3.13-3.3.14-сүрөттөрдө көрүнүп тургандай биологиялык препарат менен иштетилген варианттардагы өсүмдүк үлгүлөрү табигый жашыл, сырткы көрүнүшү визуалдык караганда жакшы болду. Бул фотосинтез процессинин жакшы жүргөнүн, ал эми өз кезегинде жемиштин массасына таасир тийгизээрин көрсөтүп турат. Ошондой эле алынган жыйынтыктар көрсөткөндөй контролдук варианттагы үлгүлөр күнөсканадагы температуралык баланстын термелүүсүнөн илдетке дароо реакция бергенин байкадык. Ал эми биологиялык препараттар менен иштетилген үлгүлөр температуралык өзгөрүүдө да илдеттин белгилери кеч байкалды. Тажрыйба көрсөткөндөй температуралык режим күнөсканадагы эң негизги фактор болуп саналат. Абиотикалык шарттардын таасирине да бул биопрепараттар туруктуулук жаратат деген жыйынтык айтууга болот.

*Жадыбал 3.3.3*

Биопрепараттардын бадырандын биометриялык көрсөткүчтөрүнө таасири

| **Варианттар** | **Өсүмдүктүн боюнун узундугу, см** | **Сабактын диаметри, см** | **Жалбыракт ын аянты, $дм^2$** | **Жалбыракт ын саны, шт.** |
|---|---|---|---|---|
| Контроль | 235 | 1.0 | 149 | 19,40 |
| С1-4 | 250 | 1.2 | 152 | 22,60 |
| Рч-3 | 250 | 1.3 | 150 | 20,87 |

Бадырандын вегетативдик өрчүүсүндө чоң айырмачылыктар байкалган. Көчөттүн узундугу 6,6см, ал эми контролдуку 5,1 см. Жалбырактардык максималдуу саны 4,6 даана бир өсүмдүктө, ал эми контролдук вариантта 2,2 жалбырак калыптанган.

2 – иштетүүдөн кийин биометриялык көрсөткүчтөр да өзгөрүүгө дуушар болгон. Контролдук варианттагы үлгүлөрдүн жалбырак пластинкасынын аянты салыштырмалу кичине экендиги байкалган.



*Сүрөт 3.3.15.*Бадырандын жалбырак пластинкасынын аянтын өлчөө учуру

## 3.4. Бадырандын ризосфералык микрофлорасын изилдөө

Ризосферада жашоочу микроорганизмдер өтө чон мааниге ээ. Эки тарап тең топурак жана өсүмдүктүн азык зат айланасында активдүү катышуучулар. Өсүмдүктүн өсүүсүнө керек болгон активдүү кошулмаларды синтездейт жана фитопатогендердин биологиялык контролунда маанилүү роль ойнойт.

Бул изилдөөдө биологиялык препараттардын тамыр айланасындагы микрофлорага таасирин жана тамыр органында биопрепараттын кандай алып жүргөнүн текшердик.

Бир нече жолу кайталанып ирээттүү кеткен изилдөөлөрдөн кийин, тамырдын ризосферасы текшерилди. Ал үчүн биоагент жакшы өскөн азык чөйрөнү (крахмал-аммиак агарын) алып, мөмө байлаган фазада тамырды кварц куму менен майдалап, 4 суюлтуу жасап, терендикке себүү жасалды. Петри чөйчөктөрү термостатта 27°С кармалды. 7-суткадан баштап, тамырга киргизилген С1-4 жана Рч-3 штаммынын колониялары өсүп чыкканына байкоо салынып турду.

*Жадыбал 3.4.1*

Биопрепараттардын бадырандын тамырындагы ризосфералык микрофлорасына тийзген таасири

| **Варианттар** | **Бактериялар** | **Козу карындар** | **Актиномицеттер** |
|---|---|---|---|
| Контроль | $22x10^4$ | $5x10^3$ | $12x10^3$ |
| С1-4 | $33x10^4$ | $9x10^3$ | $23x10^3$ |
| Рч-3 | $55x10^4$ | $10x10^3$ | $18x10^3$ |

Микроорганизмдердин бадырандын ризосферасындагы саны боюнча контролдук вариантта эн аз болду. Эн көп саны Рч-3 биопрепараты менен иштетилген вариантта 55х$10^4$ кездешти. Бул биопрепараттын таасири өсүмдүктүн вегетациясынын ортосунда тамыр заттарын көбүрөөк бөлүнүп чыгышына шарт түзгөн деп айтууга болот. Ошондой эле спора пайда кылбоочу *Flavobacterium* sp. бактериясынын саны 30 ка жеткен. Ал эми актиномицеттердин колония пайда кылуучу бирдиги С1-4 штаммы менен иштетилген вариантта 23х$10^3$ табылган. Вегетациянын ортосунда спора пайда кылуучу бактериялардын, анын ичинен *Bacillus* уруусундагы бактериялар доминанттык көрсөткүчкө ээ болушту. Мындан сырткары бадырандын Рч-3 менен иштетилген ризосферасынан бактериялардын *Pseudomonas fluorescens, Micrococcus* sp., *Arthrobacter* sp. түрлөрүн бөлүп алдык.

Бул изилдөөнүн жыйынтыгында С1-4 штаммы колдонулган вариантта актиномицеттердин колония пайда кылуучу бирдиги жогору болгону аныкталды. КПБ (колония пайда кылуучу бирдиги) - 6,5*$10^5$ кл/г, ал эми Рч-3 штаммы колдонгон вариантта КПБ 1,2*$10^2$ кл/г түздү. Ал эми актиномицеттерди колдонгон башка варианттарда колония пайда кылуучу бирдик абдан аз санда болгону айкын болду.

Изилдөөнүн жыйынтыгында антагонист штаммдардын таасир берүүсүн шарттуу түрдө 2 топко бөлүүгө болот деген жыйынтыкка келдик: 1- топко бир нече илдеттердин тобуна карата жогорку антифнгалдык активдүүлүккө ээ штаммдар (С1-4, Рч-3 жана ПАТ), мисалы бир эле учурда *Alternaria cucumerina, Fusarium oxysporum* Schlecht, *Rhizoctonia sp.* илдеттерге каршы колдонууга болот. Ал эми 2- топко, комплекстүү таасирге ээ, б.а. жогорку антоганисттик активдүү, ошол эле учурда өсүүнү жөнгө салуучу касиети жогору. Мындай касиетке, жүргүзүлгөн тажрыйбалардын натыйжасында С1-4 штаммы ээ болду.

Биоагенттин өсүмдүктүн тамыр ризосферасында активдүү колонизацияланышы. өсүмдүк-бактериянын симбиоздук байланышында маанилүү ролду аткарат. Актиномицеттердин ризосферада узак убакыт кармалып турушу тамыр патогендеринин өсүүсүн басандатып, өсүмдүккө токсиндүү таасир этпестен, өсүмдүктүн коргонуу күчүн узартат.

*Жадыбал 3.4.2*

Бадырандын ризоплaндык микрофлорасынан алынган микроорганизмдердин колония пайда кылуучу бирдиги

| **Варианттар** | **Бактериялар** | **Козу карындар** | **Актиномицеттер** |
|---|---|---|---|
| Контроль | $12x10^4$ | $2x10^3$ | $6x10^3$ |
| С1-4 | $23x10^4$ | $4x10^3$ | $13x10^3$ |
| Рч-3 | $25x10^4$ | $6x10^3$ | $10x10^3$ |

Ризоплaндык микрофлораны карай турган болсок, бул вариантта да Рч-3 штаммы менен иштетилген бадырандан жогорку санды берген. Ал эми олиготрофтордун саны болсо С1-4 штаммы менен иштетилген бадыранда $13x10^3$ алынган. Ал эми ризоплaндан бөлүнгөн бактериялардын колония пайда кылуучу бирдиги $12x10^4$ контролдук вариантта салыштырмалуу төмөн болду. Мындан сырткары микромицеттердин жана актиномицеттердин саны да төмөн. Ошондой эле бактериялардын түрлөрү бир типтүү, негизинен ичинен *Bacillus* урууcундагы бактериялар доминанттык көрсөткүчкө ээ болушту. Ошондой эле 4- жана 5 – таблицада көрүнүп турган колония пайда кылуучу бирдиктерди салыштыра турган болсок, бардык чөйрөдө колония пайда кылуучу бирдик бадырандын ризоплaндык микрофлорасында ризосферадагы бөлүнгөн бактериялардын түрлөрү аз жана сандык бирдиги да төмөн болду.

### 3.4.1. Биологиялык активдүү заттардын бадырандын ризосферасында кармалышы

Жабык грунтта атайын шарттын болушу – топуракты алмаштырбоо, жогорку температура жана нымдуулук – көптөгөн илдет козгогучтардын, зыянкечтердин массалык өрчүшүнө алып келип, жогорку түшүмдү алуу мүмкүнчүлүгүн кыскартат, ошону менен бирге алынган продукциянын сапаты начарлайт. Ошондуктан жабык грунтта кандай илдеттер таралаары жана аларды коргоо биринчи маселерден болуп саналат.

Актиномицеттик курамдагы биопрепараттар бадырандын өсүшүн жана түшүмүнө оң таасир тийгизээрин көп жылдык изилдөөлөрдө аныкташкан. Биометриялык эсептөөлөр көрсөткөндөй бадырандын алгачкы өнүгүү фазасында анчалык деле чоң айырмачылыктар байкалбайт, бирок 2-2,5 жумадан кийин иштетилген бадырандын үрөөндөрү жакшы көрсөткүчтөрдү бере башташат. Өсүмдүк контролдук варианттан 3-5см узун жана илдет менен жабыркаганы байкалбайт. Мындан сырткары жалбырактары табигый жашыл түскө боёлушат. Сабактары жоон жана тамыр системалары кубаттуу болушканы байкалды.

Бадырандын ризосферасында азотту фиксациялагандар, аммонификатор бактериялардын саны жогору болгон. Жабык грунттагы микробдордун коомдоштугу ар түрдүү микроорганизм – фитопатогендердин антагонисттери менен байытат. Аммонификаторлордун санынын жогору болушу жабык грунтта биологиялык азоттун топтолушунун жакшырып жаткандыгын көрсөтүп турат.

Эн негизги изилдөөнүн милдети үрөнгө жана тамырга киргизилген *Streptomyces* уруусундагы актиномицеттердин С1-4 жана Рч-3 штаммдарынын табылышы болчу. Алынган жыйынтыктар көрсөткөндөй бул штаммдардын ичинен С1-4 штаммы ризосфералык микрофлорадан дээрлик 80-90% кайрадан чөйрөгө өсүп чыкты. Тажрыба коюлган топуракта С1-4 жана Рч-3 биопрепаратынын негизиндеги суспензияга үрөн чыланып, андан кийин көчөттү отургузулган мезгилде куюлган. Микробиологиялык анализ көрсөткөндөй бул киргизилген штаммдардын коллониялары көп санда өсүп чыккандыгы 3.4.1-сүрөттө так даана көрүнүп турат.




*Диаграмма 3.4.1.* С1-4 жана Рч-3 биопрепараттары менен иштетилген бадырандын ризосферасы жана ризопланынан бөлүнүп алынган актиномицеттердин колониясынын саны



*Сүрөт 3.4.1.* С1-4 жана Рч-3 биопрепараттары менен иштетилген бадырандын ризосферасынан жана ризоплandан кайрадан өсүп чыккан ушул штаммдардын колониялары

3.4.1-сүрөттө көрүнүп тургандай, тамыр айланасында узак убакытка чейин башка антагонисттердин таасиринен басандабай, колониялардын активдүү өсүп

чыгышы күнөскана шартында таралган илдеттердин жана топуракта сакталган патогендердин  кенири тобуна антагонисттик активдүүлүк көрсөтө берет дегенди айтып турат. Мындан сырткары тамыр айланасына пайдалуу микроорганизмдерди чакырып, өсүмдүктүн тамырында симбиоз катары жашап кетүү жөндөмдүүлүгү эң сонун деген жыйынтык чыгарууга болот.

Лабораторияда актиномицеттер үчүн кургак препараттык формасын өстүрүү максатында арзан чөйрө катары сулуунун акшагын автоклавдан 2 жолу стерилизациялап, 200 грамм өлчөмүндө пластик чөйчөктөргө жайгаштырылды. Ал эми жогорку изилдөөлөрдө активдүү деп табылган С1-4 жана Рч-3 штаммдары суюк түрүндө шейкерде 5 сутка чайкалып, 50 мл дистрленген сууга 10 мл штаммдардын суспензиясы аралаштырылып салуу акшагына кошулду. 27°С температурада өстүрулдү. Даяр порошок түрүндөгү препаратты бадырандын унөөмдүүлүгү үчүн түрдүү концентрацияда эритме жасап, сыноодон өткөрдүк. Изилдөөнүн жыйынтыгында 6- суткада сулуу акшагынын бөлүкчөлөрү актиномицет культурасы менен жабылып  өскөн.




*Сүрөт 3.4.2. Streptomyces* уруусундагы штаммдардын сулуунун акшагында өстүрүү (биринчи күнү)



*Сүрөт 3.4.3*. *Streptomyces* уруусундагы штаммдардын сулуунун акшагында өстүрүү мезгили ( 6-суткада)

# КОРУТУНДУЛАР

- *Streptomyces* уруусундагы Рч-3 штаммы жабык грунтта таралган илдет козгогучтардын кенири тобу (*Rhizoctonia sp.* жана *Fusarium oxysporium)* менен ийгиликтүү күрөшөөрү аныкталды.
- С1-4 (*Streptomyces sp*) штаммы жабык грунттагы жалбырактын тактуулугун чакырган кенири топтогу патогендер, анын ичинде бактериялык жана козу карындык илдет козгогучтар менен ийгиликтүү күрөшөөрү аныкталды.
- С1-4 штаммынын 1 мл препаратта $3x10^6$ активдүү спорасы бадырандын үрөөнүн алдын ала чылоо жана тамырга берүү бир эле мезгилде антоганисттик, ошол эле учурда өсүүнү өстүрүүчүлүк (фенологиялык жана морфологиялык байкоолордун негизинде) касиетке ээ экендиги аныкталды.
- Изилдөөнүн жыйынтыгында 3 илдет козгогуч бөлүнүп алынып, идентификацияланды жана сорго, күрүч чөйрөлөрүндө вируленттүүлүгү арттырылды.
- С1-4 штаммынын негизиндеги биопрепарат бадырандын ризосферасында 2 айдан ашык сакталып, штаммдын тамырда активдүү колонизацияланышы аныкталды.
- Күнөскана шартында тамыр чирик илдети менен күрөшүүдө поликультуралык биопрепараттарды (С1-4, Рч-3 жана *Trichoderma lignorium*) колдонуу он натыйжа берээри аныкталды.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


[1]. http://greentalk.ru/topic/8911/

[2]. https://www.krsu.edu.kg/vestnik/2017/v11/a04.pdf

[3]. Правительство Киргизии намерено развивать тепличный бизнес. URL: http://greentalk.ru/topic/4484/ . 8 февраля 2016 г.

[4]. Жумабаев Ж. «Экономическая эффективность сельского хозяйства в переходной экономике», Бишкек, 2004.

[5]. Жумабаев Ж. «Актуальные проблемы экономики сельского хозяйства», Бишкек, 2005.

[6]. Dimkpa, C., Weinand, T., Asch, F., 2009. Plant-rhizobacteria interactions alleviate abiotic stress conditions. Plant Cell Environ. 32, 16821694

Ikeda, H., Ishikawa, J., Hanamoto, A., Shinose, M., Kikuchi, H., Shiba, T.,

[7]. Sakaki, Y., Hattoti, M. and Omura, S. «Complete Genome Sequence and Comparative Analysis of the Industrial Microorganism Streptomyces avermitilis», Nature Biotechnology, 21, 526-531, 2003. http://dx.doi.org/10.1038/nbt82

[8]. Jones, D.L. and Darrah, P.R. «Role of root derived organic acids in the mobilization of nutrients from the rhizosphere», Plant Soil. 166, 247-257,1994.

[9]. Katznelson, H., Peterson, E. and Rouatt, J.W. «Phosphate dissolving microorganisms on seed and in the root zone of plants», Can. J. Bot. 40, 1181-1186,1962.

[10]. Leyval, C. and Barthelin, J. «Interactions between Laccaria laccata, Agrobacterium radiobacter and beech roots: in-£uence on P, K, Mg and Fe mobilization from mineral and plant growth», Plant Soil. 17, 103-110,1989.

[11]. Maria Bonaldi, Xiaoyulong Chen, Andrea Kunova, Cristina Pizzatti, Marco Saracchi and Paolo Cortesi. «Colonization of lettuce rhizosphere and roots by tagged Streptomyces»; ORIGINAL RESEARCH ARTICLE published: 06February2015 doi: 10.3389,2015.

[12]. Megan Y. Andrews a, Cara M. Santelli b, Owen W. «Digital image quantification of siderophores on agar plates», MN 55455-0231, USA

/www.elsevier.com/locate/dib, //Data in Brief 6,890-898,2016.
[13]. Pikovskaya, R.I. «Mobilization of phosphorus in soil in connection with the vital activity of some microbial species», Mikrobiologiya 17, 362-370,1948.
[14]. Qian, K., Shi, T.Y., Tang, T., Zhang, S.L., Liu, X.L. and Cao, Y.S. «Preparation and Characterization of NanoSized Calcium Carbonate as Controlled Release Pesticide Carrier for Validamycin against Rhizoctonia solani», Microchimica Acta, 173, 51-57,2011.
[15]. Quecine, M.C., Araujo, W.L., Marcon, J., Gai, C.S, Azevedo J.L.and Pizzirani-Kleiner A.A. «Chitinolytic activity of endophytic Streptomyces and potential for biocontrol», Letters in Applied Microbiology 47, 48649,2008.
[16] Busscher GF, Rutjes F, Van Delft FL. «2-deoxystreptamine: Central scaffold of aminoglycoside antibiotics», *Chemical Reviews-Columbus*.105,775-792,2005.
[17] Lee M-Y, Myeong JS, Park HJ, Han K, et al. «Isolation and partial characterization of a cryptic polyene gene cluster in pseudonocardia autotrophica», *Journal of Industrial Microbiology and Biotechnology*. 33, 84-87, 2006.
[18] Ellis D. Amphotericin «Spectrum and resistance», *Journal of Antimicrobial Chemotherapy*. 49, 7-10, 2002.
[19] Paquet V, Carreira EM. «Significant improvement of antifungal activity of polyene macrolides by bisalkylation of the mycosamine», *Organic Letters*.8, 1807-1809, 2006.
[20] Barrios-González J, Mejýa A. «Production of antibiotics and other commercially valuable secondary metabolites. Current developments in solid-state fermentation», Heidelberg, New York, p. 302-336, 2008.
[21] Jensen P.R., Mincer T.J., Williams P.G., Fenical W., «Marine actinomycete diversity and natural product discovery», Antonie van Leeuwenhoek, 87, 43-48, 2005.
[22] Bull A.T., Stach J.E., Marine actinobacteria, «New opportunities for natural product search and discovery», Trends Microbiol., 15, 491-499, 2007.
[23] Pimentel-Elardo S.M., Kozytska S., Bugni T.S., Ireland Ch.M., Moll H., Hentschel U., «Anti-Parastic Compounds from Streptomyces sp. Strains Isolated from Mediterranean Sponges», Mar. Drugs, 8, 373-380,2010.

[24] Fenical W., Jensen P.R., Developing a new resource for drug discovery: Marine actinomycetebacteria, Nat. Chem. Bol., 2, 666-673, 2006. [9] Penesyan A., Kjelleberg S., Egan S., Development of Novel Drugs from Marine Surface Associated Microorganisms, Mar. Drugs, 8, 438-459, 2010.

[25] Blunt J.W., Copp B., Munro M.H., Northcote P.T., Prinsep M.R., «Marine natural products», Nat. Prod. Rep., 27,165-237,2010

[26] Bhatnagar I., Se-Kwon K., Immense of Excellence: Marine Microbial Bioactive Compounds, Mar. Drugs, 8, 2673-2701, 2010.

[28]. *https://ogorodstvo.com/ovoshchevodstvo/vyrashchivaniye-ogurtsov/biologicheskie-i-botanicheskie-osobennosti-ogurcza.html*

[29]. http://oteplicah.ru/vyrashchivanie/mikroklimat-v-teplitse

[30]. *https://7dach.ru/Exspert/skoraya-pomosch-dlya-ogurcov-bolezni-i-metody-borby-s-nimi-6266.html*

[31]. http://www.zooeco.com/0-plant/0-plant-100-16.html

[32]. *https://glav-dacha.ru/bolezni-ogurcov-lechenie/*

[33]. Проф. Н. С. Егоров, «Руководство к практическим занятиям по микробиологии», Издательство Московского Университета, 1983.

[34]. http://www.fao.org/3/a-i5550r.pdf

[35]. Baltz R. H., Antimicrobials from Actinomycetes: Back to the Future, Microbe, 2, 125-131, 2007.

## ӨМҮР БАЯН

ЖЕКЕ МААЛЫМАТ

| | |
|---|---|
| Аты жөнү | Эшимбекова Элеонора Эшимбековна |
| Улуту | Кыргыз |
| Туулган жылы | 10.09.1993 |
| Жашаган жери | Ысык-Көл областы, Тон району |
| Телефон | +996707587870 |
| e-mail | eshimbekova93@mail.ru |

БИЛИМИ

| Даража | Окуу жайы | Бүтүргөн жылы |
|---|---|---|
| Магистратура | Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Табигый илимдер институту, Өсүмдүктөрдү коргоо багыты | 2018 |
| Бакалавр | Кыргыз-Түрк Манас университети, Айыл-Чарба факультети, Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү | 2016 |
| Орто мектеп | М.Дөгдүрөв атындагы орто мектеби | 2011 |

ИШТЕГЕН ЖЕРЛЕР

| Жыл | Мекеме аты | Кызматы |
|---|---|---|
| 2016-… | КХ «Ширин-Алма» | Агроном |

БИЛГЕН ТИЛДЕРИ

Кыргызча (Эне Тил)
Орусча
Түркчө
Англисче

## ÖZGEÇMİŞ

KİŞİSEL BİLGİLER

| | |
|---|---|
| Adı, Soyadı | Eleonora ESIMBEKOVA |
| Uyruğu | Kırgız |
| Doğum Tarihi ve Yeri | 10.09.1993. Isik-Kol |
| Tel: | +996707587870 |
| e-mail | eshimbekova93@mail.ru |

EĞİTİM

| Derece | Kurum | Mezuniyet Tarihi |
|---|---|---|
| Yüksek Lisans | Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Fen Bilimler Enstitüsü, Bitki Koruma Ana Bilim Dalı | 2018 |
| Lisans | Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Ziraat Fakültesi Bitki Koruma Bölümü | 2016 |
| Lise | M.Dögdurov okulu | 2011 |

IŞ DENEYIMLERI

| Yıl | Kurum | Görev |
|---|---|---|
| 2016-… | «Şirin-Alma» şirketi | Ziraat mühendis |

YABANCI DİL

Rusça
Türkçe
Ingilizce